
юнисеф
для каждого ребенка



© UNICEF/ Kyrgyzstan/ Tumar Ibragimov/ 2018

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЮНИСЕФ

## Жылдык отчет 2023



© UNICEF/ Kyrgyzstan/ Dastan Zhumanaly uulu/ 2019

# МАЗМУНУ


СӨЗ БАШЫ ........ 3

КЫСКАЧА СЕРЕП ........ 4

ЖЫЙЫНТЫКТАР ........ 8

- Социалдык саясат ........ 9
- Балдардын укуктарына мониторинг ........ 10
- Балдарды коргоо ........ 11
- Зыяндуу социалдык тажрыйбаларды токтотуу ........ 12
- Сапаттуу билим берүү ........ 13
- Балдарды эрте куракта өнүктүрүү ........ 14
- Өспүрүмдөрдүн жана жаштардын катышуусу ........ 15
- Эне менен баланын ден соолугун коргоо ........ 16
- Тамактануу ........ 17
- Эмдөө ........ 18
- Климаттын өзгөрүшү жана айлана-чөйрөнүн абалы ........ 19

КЕЛЕЧЕККЕ ПЛАНДАР ........ 20

ФИНАНСЫЛЫК ИШКЕ АШЫРУУ/ РЕСУРСТАР ........ 24

ЫРААЗЫЧЫЛЫК ........ 27

# СӨЗ БАШЫ

*2023-жыл ЮНИСЕФ 2023-2027-жылдарга карата өлкөлүк программасын ишке ашырган алгачкы жыл болуп калды. Беш жылдык планыбызга балдардын укуктарын сүрөө боюнча масштабдуу максаттарды киргиздик. Бул биринчи жылдык отчетубуз артка көз чаптырып, бул максаттарга умтулган жолубузда жетишкен жылыштарды көрүүгө мүмкүндүк берет.*

*Кыргызстан Женевада Бириккен Улуттар Уюмунун Баланын укуктары боюнча комитетинин 94-сессиясында өлкөдө балдардын укуктары кандайча ишке ашырылып жаткандыгы тууралуу айтып берди. Ачык диалогдон кийин Комитет балдарга карата зомбулук, үй-бүлөлүк чөйрөгө болгон укугу боюнча, майыптыгы бар балдарды коргоо, ден соолукту жана бакубатчылыкты, билим берүүнү жана айлана-чөйрөнү колдоо үчүн зарыл болгон минималдуу чараларды камтыган 146 сунуштаманы берди. Бул сунуштамаларды ишке ашыруу үчүн жарандык коомдун уюмдары жана Өкмөт менен чогуу жасаган ишибиз буга чейин болуп көрбөгөндөй маанилүү болуп турат.*

*Кыргызстан Борбордук Азиянын башка өлкөлөрүнө караганда Сириядан көбүрөөк аялдарды жана балдарды мекенине кайтарды. Балдардын укуктарын коргоо боюнча өзүнүн мандатынын алкагында жана куралдуу кагылышуулардан жапа чеккен балдарды жана үй-бүлөлөрдү колдоо боюнча өзүнүн тажрыйбасына таянып, ЮНИСЕФ Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө бул гуманитардык операцияда жардам берип, ушул тапта бул балдардын жана алардын энелеринин үй-бүлөлөрүнө жана жамааттарына толук интеграцияланышына колдоо көрсөтүп жатат. Өкмөт бардык тармактардын биргелешкен иши жана Бириккен Улуттар Уюму, жарандык коом менен кызматташуу жарандарды үйлөрүнө кайтарып, алардын коомго интеграцияланышын колдоп бере алаарын көрсөттү. Учурда бул балдар жана алардын энелери окуусун аяктап, коопсуз чөйрөдө жашап, пайда болгон мүмкүнчүлүктөрдөн пайдалана алышы үчүн ЮНИСЕФ толук интеграциялоого багыт алды.*

*Жалал-Абад облусунун Сузак районунун төрт муниципалитетинде майыптыгы бар балдар үчүн ЮНИСЕФ колдоого алган интеграцияланган пилоттук долбоорду киргизүү жылдын эң маанилүү окуясы болуп калды. Модель эрте мөөнөттө аныктоого жана эрте кийлигишүүгө багытталган жана үй-бүлөлүк дарыгерлердин, баланы үйүнө барып көргөн медайымдардын, мектепке чейинки мекемелердин тарбиячыларынын, үй-бүлөнү жана балдарды колдоо бөлүмдөрүнүн кейс-менеджерлеринин, улгайган жана майып адамдар үчүн жеке жардамчылардын, ошондой эле жергиликтүү социалдык коргоо бөлүмдөрүнүн адистеринин жигердүү катышуусун жана биргелешкен ишин талап кылат. Пилоттук долбоордун алкагында майыптыгы бар жана өнүгүүсү кечеңдеп жаткан балдар жана алардын үй-бүлөлөрү тең укуктуу негизде өз укуктарын толук колдонуп, алардын кадыр-баркы урматталышы үчүн балдарды жана алардын үй-бүлөлөрүн колдоо тармагы түзүлөт.*

*Бишкектеги жана Оштогу кеңселерде иштеген биздин 53 кызматкерибиздин өз ишине берилип, жан дили менен иш алып барганы бул отчетто сөз болгон жыйынтыктарга жетүүгө шарт түздү. Кызматкерлерибиз өлкөдөгү жана анын чегинен тышкары бардык өнөктөштөрүбүз менен Кыргызстандагы балдардын укуктарын коргоп келишүүдө.*

*Биз саясаттын эл аралык стандарттарга шайкеш келишин жана Кыргызстандын балдарынын бакубатчылыгы артыкчылыктуу маселе катары каралышын камсыз кылуу үчүн Өкмөт, жарандык коом жана өнөктөштөр менен тыгыз кызматташууну уланта бермекчибиз.*



© UNICEF/ Kyrgyzstan/ Rufat Ergashev/ 2022


# КЫСКАЧА СЕРЕП

2023-жылы ЮНИСЕФ социалдык саясат, балдарды коргоо, саламаттыкты сактоо, билим берүү жана климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашуу жаатында олуттуу жыйынтыктарга жете алды.




## БАЛДАР АРАСЫНДА ЖАКЫРЧЫЛЫК

Жакырчылык жана теңсиздик көйгөйлөрү боюнча Улуттук форумда балдардын жакырчылык маселелери боюнча адвокация социалдык колдоого жана балдарга кам көрүү боюнча кызмат көрсөтүүлөргө басым жасоо менен жакырчылыкты жоюунун стратегиялары боюнча талкууларды көтөрдү.



## ИШ ЖҮЗҮНДӨГҮ МААЛЫМАТТАР ЖАНА ДАЙЫНДАРДЫ ЧОГУЛТУУ

Кыргызстанда балдардын укуктарын ишке ашырууга карата жылышты баалоо үчүн Улуттук статистика комитети менен кызматташтыкта ЮНИСЕФ мульти-индикатордук кластердик изилдөөнүн (МИКИ-6) 6-айлампасын ишке киргизди. МИКИ балдардын жана аялдардын абалы жөнүндө ишенимдүү статистикалык маалыматтарды берет. Изилдөөнүн жыйынтыктары 2024-жылы коомчулукка жеткиликтүү болот.



## БАЛДАРДЫ КОРГОО

ЮНИСЕФ Сириядан 233 баланы жана 101 аялды мекенине кайтаруу ишинде Өкмөткө колдоо көрсөттү. Алардын бардыгы чукул психосоциалдык колдоого, гигиеналык каражаттарга жетип, медициналык текшерүүдөн өтүштү. Мекенине кайтарылган балдардын жана ата-энелердин өз үй-бүлөлөрүнө жана жамааттарына реинтеграцияланышында колдоо табышы үчүн, ошондой эле балдарга карата зордук-зомбулуктун, ырайымсыз жана кайдыгер мамилениин же эксплуатациялоонун алдын алуу жана ага жооп кайтаруу үчүн ЮНИСЕФ балдарды коргоо жана үй-бүлөнүн бакубатчылыгы маселелерине адистешкен социалдык кызматкерлерди муниципалдык деңгээлде киргизүү демилгесин колдоп берди.

ЮНИСЕФ ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине техникалык колдоо көрсөттү: "Социалдык коргоо системасын баалоодогу" "Социалдык камсыздоо кызмат көрсөтүүлөр" бөлүмү кайра иштелип чыкты, бул болсо социалдык кызматкерлер жана балдар үчүн кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө маалыматты жаңыртууга көмөктөштү.



## ЗЫЯНДУУ СОЦИАЛДЫК ТАЖРЫЙБА-ЛАРДЫ ТОКТОТУУ

Кыргызстандагы ЮНИСЕФ эрте куракта никени жана гендердик зомбулукту колдогон зыяндуу гендердик нормаларды жок кылуу үчүн "Сары-Көлдүн сырлары" аттуу оюн тиркемесин иштеп чыгып, онлайн-ТВ программаларды чыгарды. Бул оюнду ойногон жана берүүлөрдү көргөн адамдардын саны 80 миңден ашат. Мындан тышкары, чыр-чатактардан жапа чеккен жамааттардагы жооп кайтаруу боюнча 20 мобилдик команданын 80 мүчөсү ЮНИСЕФтин жардамы менен өзгөчө кырдаалдарда гендердик зомбулуктун тобокелдиктерин баалоо, зомбулуктан жабыр тарткандарды аныктоо жана аларды өзгөчө кырдаалдар учурунда тиешелүү кызмат көрсөтүүлөрдү алуу үчүн тиешелүү мекемелерге багыттоо боюнча көндүмдөргө ээ болушту.



## САПАТТУУ БИЛИМ БЕРҮҮ

2023-жылы ЮНИСЕФ Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги өткөргөн Окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерине улуттук баалоону (ОБЖУБ) жарыялап, жайылтууга колдоо көрсөттү. Баалоо көрсөткөндөй, 2007-жылдан 2021-жылга чейин 4-класстын жана 8-класстын окуучуларынын китеп окуу жана окуганын түшүнүү, математика жана илим боюнча билим деңгээли базалык деңгээлден төмөн түшүп кеткен. Бул көйгөйдү чечүү үчүн ЮНИСЕФ балдардын жетишүүсүнүн көрсөткүчтөрүн жакшыртуу үчүн тең укуктуулукка, пландоого жана мугалимдердин дараметин жогорулатууга багыттоо менен билим берүү тармагын күчтөндүрүүдө.



## БАЛДАРДЫ ЭРТЕ КУРАКТА ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮ

Балдарды эрте куракта окутуу жаатындагы күн тартиби 2023-жылы мыйзам чыгаруу, саясат жана техникалык билим берүү маселелерин камтыган. "Өкмөттүк акселераторлор" программасы өзгөчө элет жергесиндеги үч жаштан алты жашка чейинки курактагы балдар үчүн жеке жана жамааттык бала бакчалардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн санын көбөйтүү максатында ишке киргизилген. Кызмат көрсөтүүчүлөр бул программанын алкагында балдарды өнүктүрүү жана аларга кам көрүү, балдарды коргоо, басмырлабоо, оюнга негизделген окутуу жана ишкердик башкаруу боюнча негизги көндүмдөргө жана билимдерге ээ болушун камсыз кылуу үчүн ЮНИСЕФ комплекстүү окутуу пакетин иштеп чыгууда негизги ролду ойноду.



## ӨСПҮРҮМДӨРДҮН ЖАНА ЖАШТАРДЫН КАТЫШУУСУ

2023-жылы Кочкор-Ата, Раззаков жана Кара-Суу Кыргызстандагы балдарга достордой мамиле жасаган шаарлар деп табылып, жаш муундун бакубатчылыгын жана укуктарын биринчи орунга койгон чөйрөнү түзгөн. Шаарлар ЮНИСЕФ колдоого алган "Жаштарга жана балдарга достук мамиледеги жергиликтүү башкаруу" демилгесинин экинчи фазасынын жүрүшүндө аныкталып, ага өлкө боюнча 32 жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы катышты. Бул демилгенин жардамы менен шаарлар программалардын жана чечимдердин ажырагыс компоненттери катары коомдук саясатта алардын муктаждыктарын, укуктарын жана пикирлерин эске алуу менен балдарга жана жаштарга өзгөчө көңүл бурушту.



## ЭНЕ МЕНЕН БАЛАНЫН ДЕН СООЛУГУН КОРГОО

Ымыркайларга, балдарга жана өспүрүмдөргө жашоо үчүн маанилүү кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу максатында баштапкы медициналык-санитардык жардамдын сапатын жакшыртууда ЮНИСЕФ Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине колдоо көрсөттү. Саламаттык сактоо тармагында телемедициналык кызмат көрсөтүүлөрдү колдонууга тиешелүү жоболорду премьер-министр жактыргандан кийин эң алыскы жана шарты начар аймактарда өнүгүүсү кечеңдеген балдар үчүрда сапаттуу медициналык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдаланып жатышат.



## ТАМАКТАНУУ

ЮНИСЕФ далилдүү маалыматтарга таянуу менен, тамактануу саясатын иштеп чыгууда Өкмөткө колдоо көрсөтүүнү улантты. Алсак, 2023-2027-жылдарга азык-түлүк коопсуздугу жана тамактануу боюнча Иш-аракеттер планына изилдөөнүн жыйынтыктары жана аш болумдуу микроэлементтер боюнча концептуалдык жазуу интеграцияланган. Иш-аракеттер планын жана тиешелүү чараларды ишке ашыруу, анын ичинде тамак-аш азыктарын байытуу өспүрүм курактагы балдарда жана кыздарда микроэлементтердин тартыштыгын азайтат. Тамактануу маселелери боюнча билим базасын бекемдеп, адвокацияны улантуу үчүн ЮНИСЕФ азык-түлүк коопсуздугу жана тамактануу маселелери боюнча 25 депутатты окуудан өткөрдү. Тренингди ЮНИСЕФ БУУнун Дүйнөлүк азык-түлүк программасы, БУУнун Азык-түлүк жана айыл чарба уюму (ФАО) жана Айыл чарбасын өнүктүрүүнүн эл аралык фонду менен биргеликте уюштурган.

## ЭМДӨӨ

2023-жылы эмдөө жаатындагы артыкчылыктар кызамыктын жайылышына жооп кайтарууну; Улуттук эмдөө стратегиясын иштеп чыгууда улуттук кызыкдар тараптарды колдоону; вакциналарды ташуу жана сактоо үчүн муздак чынжыр менен камсыз кылууну жана эмдөөгө суроо-талапты түзүүнү камтыды. Кыргызстандагы балдарды эмдөөгө байланышкан жүрүм-турум факторлорун изилдөөгө катышкан ата-энелердин жана балдарды караган адамдардын 85 пайыздан ашыгы балдарын Профилактикалык эмдөөлөр календарынын графигине ылайык эмдегенин айтышкан.

## КЛИМАТТЫН ӨЗГӨРҮҮСҮ ЖАНА АЙЛАНА-ЧӨЙРӨНҮН АБАЛЫ

Абанын булганышы эрте өлүмгө жана ден соолуктун начарлашына өбөлгө болгон эң олуттуу экологиялык фактор болуп саналат. Бул фактор Кыргызстандагы балдарга жана чоңдорго таасирин тийгизүүдө, ошондой эле экономикалык терс кесепеттерге да алып келүүдө. ЮНИСЕФ абанын булганышынын ден соолукка тийгизген таасири боюнча саясий жана социалдык маалымдуулукту жактап келди. Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министри Балдар, жаштар жана климаттык иш-аракеттер жөнүндө декларацияга кол коюп, муну менен климаттык иш-аракеттерге балдардын жана жаштардын кызыкчылыктарын артыкчылык катары киргизүүгө милдеттенди.

# 2023-жыл

## Январь

Өспүрүм кыздардын жетилиши жана ден соолугу тууралуу “Oky” мобилдик тиркемеси ишке киргизилди.



## Февраль

Этнолингвистикалык азчылыктарды коргоо жана көп тилдүү билим берүүнү жайылтуу үчүн ЮНИСЕФтин жетекчилиги алдындагы жогорку деңгээлдеги адвокация.

Сириядан репатриация боюнча биринчи каттам келди.

## Март



8-мартта футбол оюну өттү – “Аялдардын Азия футбол кубогу”.

## Апрель




ЮНИСЕФтин “Илимдеги кыздар” демилгесинин алкагында “ЭКОкыздар” хакатону өттү.

## Май



Биринчи инклюзивдүү балдар жарышы өттү.



Балдарды эрте куракта өнүктүрүү жана билим берүү боюнча республикалык форум болду.

## Июнь

ЮНИСЕФтин адвокациясынан кийин Өкмөт Балдар, жаштар жана климаттык иш-аракеттер жөнүндө декларацияга кол койду.



Кызамык боюнча өнөктүк өтүп, кызамыкка каршы вакциналар келди.



Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жана Билим берүү боюнча улуттук топ "Кыргызстандын билим берүү системасындагы реформалар үчүн өнөктөштүк жөнүндө билдирүүлөрүн" ишке киргизишти.

## Июль




Жалал-Абад облусунун Сузак районунда майыптыгы бар балдар үчүн интеграцияланган пилоттук долбоор ишке киргизилди.

## Август

"Билим берүү жөнүндө" жаңы мыйзам жактырылды.



## Сентябрь




Кыргызстан Бириккен Улуттар Уюмунун Баланын укуктары боюнча комитетинин сессиясында балдардын укуктарынын ишке ашырылышы жөнүндө отчет берди.

## Октябрь

"Теңдик нуру" демилгесинин алкагында коомдук транспорттогу зомбулуктун алдын алуу боюнча өнөктүк өттү.

Кыздардын эл аралык күнү "Кыздар жөнүндө Резолюция" кабыл алынды.



## Ноябрь



ЮНИСЕФтин техникалык колдоосу менен жакырчылык жана теңсиздик көйгөйлөрү боюнча Улуттук форум өттү.

Балдардын дүйнөлүк күнү

"Манас" аэропортунун командасы жана Кыргызстандын футбол боюнча Улуттук курама командасы менен балдардын укуктары боюнча кеңири масштабдуу өнөктүк өттү.

## Декабрь

Коомдук транспортто кыз-келиндерге ыдыр көрсөтүлгөн учурларда коомчулукту кийлигишүүгө үндөгөн өнөктүк 2023-жылы жанданып, Бишкек жана Ош шаарларында 1 000 000дон ашуун жүргүнчүнү камтый алды.

Туруктуу өнүгүү боюнча 4-максатка карай жылышты карап чыгуу максатында билим берүү тармагына биргелешкен сереп жасалды.



# ЖЫЙЫНТЫКТАР



© UNICEF/ Kyrgyzstan/ Bektur Zhanibekov/ 2023

# Социалдык саясат

ЮНИСЕФ Кыргызстандын балдарынын жашоосуна узак мөөнөттүү оң маанайдагы таасирин тийгизүүгө болгон умтулуусунда бекем бойдон калууда. Жамааттык күч-аракеттер жана стратегиялык демилгелер аркылуу биз өлкөдөгү ар бир бала үчүн тең укуктуу жана бакубат келечекти курууга умтулуп жатабыз. Жакырчылыкты кыскартууга, адилеттүү жана инклюзивдүү социалдык коргоо системаларын түзүүгө умтулган ЮНИСЕФ негизги кызыкдар тараптар менен, анын ичинде Президенттин Администрациясы, парламент жана Министрлер Кабинети менен жигердүү консультацияларды өткөрдү.


2023-жылдагы ТӨМ боюнча Саммитте белгиленген ыргакты эске алуу менен ЮНИСЕФ Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен биргеликте жакырчылык жана теңсиздик көйгөйлөрү боюнча биринчи Улуттук форумду уюштурду. Бул форум көп кырдуу жана балдардын жакырчылыгына тиешелүү маалыматтарды жана тенденцияларды терең талдоого алып, социалдык коргоону бекемдөөгө жана адамдык капиталга инвестицияларга артыкчылык берген жакырчылыкты жоюунун стратегиялары боюнча талкууларды түздү. Социалдык коргоонун улуттук системасын баалоо социалдык жардамга жана балдарга кам көрүү боюнча кызмат көрсөтүүлөргө багытталды; изилдөөнүн жүрүшүндө алынган жыйынтыктар Министрлер Кабинетинин 2024-жылга карата жылдык иш планына таасирин тийгизди.

ЮНИСЕФ башаламандык болгон учурда социалдык коргоо линиясы боюнча төлөмдөрдүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу үчүн бийлик органдары менен кызматташты. Бул өзгөчө кырдаалдар учурунда акчалай жеңилдиктерди берүү боюнча колдонмону иштеп чыгууга колдоо көрсөтүүнү камтыйт.

Мамлекеттик чыгымдардын балдарга жетүүсүн камсыз кылуу боюнча ишибиздин алкагында ЮНИСЕФ Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине жана Билим берүү жана илим министрлигине бюджетти пландоонун жана түзүүнүн жаңы усулун ишке ашырууга колдоо көрсөттү, ага ылайык, министрликтер балдардын кызыкчылыгында кандай жыйынтыктарга жетишээрине көңүл бурат. Бюджетти пландоого жана түзүүгө карата жаңы ыкманы министрликтин кызматкерлери оңой колдоно алышы үчүн толук маалымат онлайн-мейкиндикте жайгаштырылды. Бул Өкмөттүн санариптештирүү жөнүндө күн тартиби менен үндөшөт жана ошондой эле келечекте бул ыкманы башка министрликтерде колдонуунун масштабын кеңейтет.


Кыргызстанда миллиондон ашык бала монетардык жакырчылыкта жашайт (бардык балдардын ичинен 40,3 пайызы); мындан тышкары, бул балдар ошондой эле көп кырдуу жакырчылык катары белгилүү жашоо шарттарына байланыштуу көп нерсеге жетпей жапа чегишүүдө. ЮНИСЕФтин иши Кыргызстанда социалдык коргоо системасын бекемдөөгө, колдоого өзгөчө муктаж болгон балдарды толук камтууну камсыз кылуу үчүн өнөктөштөр жана кызыкдар тараптар менен иш алып барууга багытталган. 2023-жылы бул жакырчылык жана теңсиздик көйгөйлөрү боюнча биринчи Улуттук форумду өткөрүүгө техникалык жардамды, өзгөчө кырдаалдардын шарттарында социалдык коргоонун "соккуга туруштук бере алган" системасына акча каражаттарын берүү боюнча консультацияларды жана балдарга аяр мамиле жасаган пландарды жана бюджетти түзүүгө колдоону камтыды.

ар бир экинчи бала



50.9%

көп кырдуу жакырчылык шарттарында жашайт




аз камсыз болгон балалуу үй-бүлөлөрдүн 60 пайызы жакырчылыкты жоюуга багытталган жөлөкпулдарды албайт

ар бир гуманитардык акчалай жөлөкпулдун наркы ай сайын жашоо минимумуна

7,178 сомго

($85) барабар

# Балдардын укуктарына мониторинг

2023-жылы Кыргызстан Баланын укуктары жөнүндө конвенцияны ишке ашыруу боюнча төртүнчү отчеттук циклин аяктады. Бул процесстин алкагында ЮНИСЕФ альтернативалык баяндамаларды берген жарандык коомдун уюмдарына техникалык колдоо көрсөтүп, сентябрда катышуучу-мамлекеттер менен Комитеттин ортосундагы диалогго даярданууда Өкмөткө көмөк көрсөттү. Өкмөттүк делегацияны Баланын укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүл жетектеп, ага тиешелүү министрликтердин тогуз жогорку даражалуу өкүлү кирди. Делегациянын башчысы комитеттин мүчөлөрүн 2024-жылы Кыргызстанга келүүгө чакырды. Соңунда БУУнун Баланын укуктары боюнча комитети жыйынтыктоочу корутундуларынын алкагында 146 сунуштама чыгарды. Бул сунуштамаларда балдарга карата зомбулук, балдардын үй-бүлөлүк чөйрөдө жашоо укугу жана майыптыгы бар балдарды коргоо маселелерине өзгөчө көңүл бурулган. Климаттын өзгөрүшүнүн балдардын укуктарына тийгизген таасири боюнча сунуштамалар биринчи жолу киргизилди.

ЮНИСЕФ КР Жогорку Кеңешине караштуу Аялдардын жана балдардын укуктары жана гендердик теңчилик боюнча кеңешти баланын укуктары боюнча жылдык иш планын даярдоодо колдоп берди. Негизги иш-чаралар майыптык жөнүндө мыйзам долбоорунда инклюзивдүү билим берүү боюнча сессияны жана билим берүү жөнүндө жаңы мыйзамды ишке ашыруу боюнча чараларды камтыды. Майыптыгы бар балдар Кыргызстандагы ЮНИСЕФ үчүн артыкчылыктуу багыт болуп саналат. Бул маселени колдоо үчүн ЮНИСЕФ Майыптыгы бар адамдардын иштери боюнча кеңешке Кыргызстандагы майыптыгы бар балдардын, аялдардын жана өспүрүмдөрдүн абалына жүргүзүлгөн кырдаалдык талдоонун жыйынтыгын берди. Бул кеңештин кийинки жыйыны майыптыгы бар балдарга арналды. Майыптыгы бар адамдардын иши боюнча кеңеш секторлор аралык координацияны бекемдөө жана майыптыгы бар балдардын кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү үчүн майыптыгы бар балдар боюнча жумушчу топту түздү.

ЮНИСЕФ мульти-индикатордук кластердик изилдөөнүн (МИКИ-6) акыркы айлампасы үчүн маалыматтарды чогултуу максатында Улуттук статистика комитети жана өнөктөштөр менен тыгыз кызматташты. МИКИ аялдардын жана балдардын абалы жөнүндө ишенимдүү статистиканы берет жана бул балдардын укуктарын көзөмөлдөө үчүн негиз болуп саналат, бул баланын укуктары жөнүндө индикаторлор боюнча жылышты көрсөтүп турат.

2023-жылы Кыргызстан Баланын укуктары жөнүндө конвенцияны ишке ашыруу боюнча төртүнчү отчеттук циклин жыйынтыктады. Негизги мамлекеттик органдар менен өнөктөштүк (анын ичинде Баланын укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүл, КР Жогорку Кеңешине караштуу Аялдардын жана балдардын укуктары жана гендердик теңчилик боюнча кеңеш жана КР Өкмөтүнө караштуу Майыптыгы бар адамдардын иштери боюнча кеңеш) балдардын укуктарын илгерилетүү, анын ичинде БУУнун Баланын укуктары боюнча комитети берген сунуштамаларды жайылтуу боюнча милдеттенмелерди өлкө өзүнө алышына алып келди. 2023-жылы ЮНИСЕФ Кыргызстандагы балдардын жана аялдардын абалы боюнча ишенимдүү статистикалык маалыматтарды топтоо үчүн мульти-индикатордук кластердик изилдөөнүн (МИКИ-6) алтынчы айлампасын ишке ашыра баштады.



**Бириккен Улуттар Уюмунун Баланын укуктары боюнча комитети Кыргызстандагы баланын укуктарына тиешелүү**

**146**

сунуштама чыгарды

# Балдарды коргоо

ЮНИСЕФ Өкмөт менен тыгыз кызматташып, 2023-жылы Сириядан 233 баланы жана 101 аялды мекенине кайтаруу ишине колдоо көрсөттү. Бардык кайтарылган балдарга жана алардын энелерине мамлекеттик транзиттик борбордо адистештирилген кызматтар көрсөтүлдү. Кыргызстанга кайтып келген балдар жана аялдар Сирияда өтө оор күндөрдү башынан өткөрүшкөн. ЮНИСЕФ транзиттик борбордо иштеген жана психикалык саламаттыкты колдоо жана психосоциалдык колдоо боюнча кызматтарды көрсөткөн психологдордун ишин колдоду. Транзиттик борбордун 80 кызматкери балдарды жана аялдарды колдоо үчүн травмадан кийинки реабилитация жасоо боюнча окуудан өтүштү. Бардык балдардын билим деңгээлине баа берилип чыкты, бул баа реинтеграциялоого жардам берет, себеби бул баалоо мугалимдерге жекече окуу пландарын иштеп чыгууга жардам берет, ошондо балдар мектепке барып, билим алуусун уланта алышат. Бардык балдар жана аялдар медициналык кароодон, анын ичинде стоматологиялык текшерүүдөн өтүштү. Райондорду Сириядан келген балдарды жана аялдарды реинтеграциялоого даярдоо үчүн реинтеграцияга тартылган тармактык министрликтердин жана ведомстволордун (Саламаттыкты сактоо, Билим берүү, Социалдык камсыздоо, Ички иштер министрликтери, Президенттин Администрациясы жана Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитет) бардык райондук өкүлчүлүктөрүнүн катышуусу менен жергиликтүү деңгээлде багыт берүүчү үч иш-чара өткөрүлдү. Мамлекеттик органдар балдардын ден соолугун, коопсуздугун жана жакшы өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн биргелешип иштешкенин белгилей кетүү маанилүү. Бул эриш-аркак иштешүү жана кызматташуу аркылуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бул балдардын жана алардын энелеринин реинтеграциясы үчүн талаптагыдай жана сапаттуу колдоону камсыз кыла алат.

Ошондой эле мыйзам менен пикир келише албаган балдардын иштери боюнча өнөктөштүктү түзүп, күчөтүү үчүн чоң аракеттер көрүлүп, аларды Свердлов районунда жазык сот өндүрүшү системасынан чыгаруу боюнча пилоттук программа ишке киргизилди. Алсак, кылмыш жасады деп айыпталган балдар укук бузууларга алып келген турмуштук көйгөйлөрдү чече алышы үчүн, ошондой эле эркиндигинен ажыраткан жайларга камоонун ордуна алардын күнөөсүн жоё алышы үчүн колдоо табышат. Сот адилеттигинен алыс кармап, кантип окутуш керектиги тууралуу колдонмо даярдалып, 18 кызмат көрсөтүүчү окутулду. Ушул тапта тергөөчүлөр менен жетишилген макулдашууларга ылайык 15 бала кылмыш-жаза сот системасынан чыгарылып, кызмат көрсөтүүлөрдү алышты. Пилоттук долбоор ведомстволор аралык демилге болуп саналат, ага Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы жана Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги катышууда.

ЮНИСЕФ Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине "Социалдык коргоо системасын баалоодон" "Социалдык камсыздоо кызмат көрсөтүүлөрү" главасы боюнча техникалык жардам көрсөттү, бул главада социалдык иштер менен алектенген жана балдарга кызмат көрсөтүп жаткан кызматкерлер тууралуу жаңыланган маалыматтар камтылган. ЮНИСЕФ балдарды коргоо жана үй-бүлөнүн бакубатчылыгы маселелерине адистешкен социалдык кызматкерлерди муниципалдык жана райондук деңгээлде иш алып барууга даярдоону колдоп берди.

Кыргызстандагы балдар, айрыкча, алар калктын аярлуу тобуна кирсе, алардын коопсуздугу үчүн бир катар коркунучтар пайда болууда. ЮНИСЕФ Сириядан балдарды жана алардын энелерин мекенине кайтаруу жана реинтеграциялоону колдоо менен 2023-жылы балдарды коргоо чөйрөсүндө олуттуу жыйынтыктарга жетише алды. Сириядагы лагерлерде кармалып отурган 410 баланын жана 268 аялдын ичинен жалпысынан 233 бала жана 101 аял Кыргызстанга кайтарылды. Ал арада ЮНИСЕФ Өкмөттүн, Бириккен Улуттар Уюмунун жана өкмөттүк эмес уюмдардын ортосунда балдарды коргоо маселелерин координациялоону колдоодо маанилүү ролду ойноону улантууда.

2023-жылы Сириядан Кыргызстанга

**233** бала **101** аял

кайтарылды



**18 кызмат көрсөтүүчү**

балдарды жазык сот адилеттиги системасынан чыгаруу маселелери боюнча окуудан өттү



жана **15** бала

бул системадан чыгарылып, аларды түзөтүү мекемелерине камоонун ордуна тиешелүү кызматтар көрсөтүлгөн

# Зыяндуу социалдык тажрыйбаларды токтотуу

Кыргызстанда эрте куракта нике көптөгөн кыздар үчүн реалдуулук бойдон кала берүүдө. Гендердик зомбулуктун башка түрлөрү сыяктуу эле, бул практика да зыяндуу гендердик нормалар менен колдоого алынып келатат. 2023-жылы Кыргызстандагы ЮНИСЕФ эрте куракта никени жана гендердик зомбулукту колдогон зыяндуу гендердик нормаларды жок кылуу үчүн “Сары-Көлдүн сырлары” аттуу оюн тиркемесин иштеп чыгып, “Эркекче” аттуу онлайн-ТВ программаны чыгарды. Бул оюнду ойногон жана берүүлөрдү көргөн адамдардын саны 80 миңден ашат.

Эрте куракта никени колдогон социалдык нормалардын өзгөрүшүн өлчөөчү акыркы изилдөө ЮНИСЕФ колдогон алты жамаатта жүргүзүлүп, бул маалыматтар контролдук жаматтын маалыматтары менен салыштырылып чыкты. Изилдөөнүн жыйынтыктары эрте куракта никени айыптагандардын саны көбөйгөнүн, ЮНИСЕФ иш алып барган жамааттарда кыздардын билим алуусун колдогон ата-энелер көрсөткүчү жогорулаганын тастыктады.

2022-жылдагы чек ара чыр-чатагына чукул жооп кайтаргандан кийин балдарды коргоо тобу гендердик зомбулуктун тобокелдиктерин азайтуу, гендердик зомбулукка жооп кайтарууну жакшыртуу, сексуалдык эксплуатациялоону жана кордоону алдын алуу маселелерин талдады. ЮНИСЕФ тез өнүгүп жаткан чек ара чырлары үчүн ылайыктуу мобилдик топторду колдонуу менен жаңы ыкманы киргизди. Балдарды коргоо боюнча 20 көчмө команда (жалпысынан 80 мүчө) үчүн чыр-чатактан өзгөчө жабыр тарткан Баткен облусунда тренинг уюштурулду. Анда мобилдик топ башка жерге көчүп кеткенден кийин өзүнөн кичүү балдарга психосоциалдык колдоо көрсөтө алышы үчүн өспүрүмдөр гендердик зомбулук учурларын жигердүү аныктоо жана ага жооп кайтара билүү боюнча окуудан өтүштү.

Көчмө топтордун иши өспүрүм кыздардын демилгесин көтөрүүгө көмөктөшүүгө тийиш, себеби окуудан өткөн кыздар аниматор болуп, кенже курактагы балдарга психосоциалдык колдоо көрсөтүү иш-чаралары аркылуу жигердүү колдоо көрсөтүшөт. Мындай иш-чаралар курч көйгөйлөрдү чечүүгө, анын ичинде зомбулук жөнүндө маалыматты ачууга жардам берет, антпесе, маалыматты ачыкка чыгарбоо зомбулукка каршы күрөшүү боюнча программаларды иштеп чыгууда негизги кемчилик болуп калууда. Чыр-чатактан жапа чеккен жамааттарда жашаган кыз-келиндер менен консультациялар сексуалдык эксплуатациялоонун жана кордуктун алдын алуу боюнча сөздөрдү жана билдирүүлөрдү өзгөртүүгө жардам берди. “Сексуалдык” деген сөздү колдонуу бул жамааттарда тыюу салынган жана аудитория бул сөздү камтыган билдирүүлөрдү четке кагып келет. Кыз-келиндер менен өткөрүлгөн консультациялардын натыйжасында жардам сурап кайрылууга, сексуалдык эксплуатациялоонун жана кордуктун бардык түрлөрүнө тыюу салууга жана маалымат берүү каналдарына багытталган үч постер даярдалды. Постерлер ЮНИСЕФ иштеген бардык жерлерде жайгаштырылат.

Кыргызстанда ар бир сегизинчи кыз 18 жашка жетпей турмушка чыгат, мунун натыйжасында билим алуу жана жумушка орношуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырайт, ошондой эле төрөт учурундагы кыйынчылыктар, обочодо калуу, жакырчылыкта жашоо жана зордук-зомбулук көрүү тобокелдиги жогору болот. Кыргызстанда ЮНИСЕФ эрте куракта никени жана гендердик зомбулуктун башка түрлөрүн колдогон гендердик нормаларды жок кылуунун үстүнөн иш алып барууда. 2023-жылы бул иштин натыйжасында билим берүүчү-көңүл ачуучу оюн форматында тиркеме иштелип чыккан. Бул оюнда зыяндуу гендердик нормалар боюнча диалогдор бар, оюн гендердик зомбулукка жооп кайтарууда мобилдик командаларга, ошондой эле жыныстык зомбулукка жана эксплуатациялоого каршы коммуникациялык өнөктүктөргө катышуу аркылуу өспүрүм кыздардын демилгесин күчөтүү камтылган.

Кыргызстанда 20-24 жаш курактагы аялдардын

**13%**

18 жашка чейин турмушка чыгат

эрте куракта никени алдын алууга арналган

**«Сары-Көлдүн сырлары»**, аттуу оюн тиркемесиндеги өнүктүрүүчү оюн Game4Change конкурсуна дүйнө жүзү боюнча

**400 катышуучунун** ичинен **«Жарандык коом үчүн мыкты оюн»** категориясында тандалып алынган

2023 GAMES FOR CHANGE AWARDS BEST CIVICS GAME

# Сапаттуу билим берүү

ЮНИСЕФтин көмөгү КР Билим берүү жана илим министрлигине (БжИМ) "Билим берүү системасындагы реформалар үчүн өнөктөштүк жөнүндө билдирүүнү" түзүүгө мүмкүндүк берди, ал "Билим берүү максатында глобалдык өнөктөштүктөн (БМКӨ)" фонддорду мобилизациялоо үчүн зарыл. Бул документ 2022-жылы билим берүү тармактарынын биргелешкен серебинде БжИМ жана Билим берүү боюнча улуттук топ менен макулдашылган саясатты реформалоо чөйрөлөрүн жана 2022-жылы билим берүүнү өзгөртүү боюнча саммитте өлкөнүн милдеттенмелерин баса белгилейт.


Билдирүүнүн алкагында ЮНИСЕФ билим берүү тармагынын 2023-жылдагы биргелешкен серебин уюштурууда БжИМди колдоп берген. ЮНИСЕФ БжИМге 2018-2022-жылдар үчүн "Кыргыз Республикасындагы билим берүү жана илим" улуттук статистикалык жыйнагын жана "Окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерин улуттук баалоо (ОБЖУБ)" отчетун басып чыгарууга жардам берди. Бул БжИМге жана тармактагы өнөктөштөргө Кыргызстандын Туруктуу өнүгүүнүн 4-максатына жетишүүдөгү жылышын талдоого жана маалыматтарга негизделген саясий диалог аркылуу боштуктарды жана муктаждыктарды аныктоого мүмкүндүк берди. 4-класстын жана 8-класстын окуучуларынын 2007-2021-жылдардагы жыйынтыктарын баалоо китеп окуу жана окуганын түшүнүү, математика жана илим боюнча билим жана көндүмдөрдүн деңгээли изилдөөгө катышкандардын өтө көбүндө базалык деңгээлден да төмөн экенин көрсөттү.

Өлкөдөгү окууга байланыштуу кризисти чечүү үчүн ЮНИСЕФ 2660 мугалимге (алардын 85 пайызы – айылдар) окуучулардын окуудагы кемчиликтерин аныктоо үчүн баалоо аспаптарын колдонуу боюнча тренингдерди өткөрдү. Бул 460 максаттуу мектепте 5-6-класстардын 20 миң окуучусуна, айрыкча академиялык сабактардан артта калгандарга жардам берет жана аларга артта калып жаткан билимди алганга үлгүрүп калышмакчы.


ЮНИСЕФ БУУнун башка агенттиктери менен катар этнолингвистикалык азчылыктар үчүн өз тилин пайдалануу укугун сактап калуу үчүн жогорку деңгээлдеги адвокациялык чараларды көрдү. ЮНИСЕФ мамлекеттик тил жөнүндө мыйзам боюнча коомдук угууларда басмырлабоонун жана көп тилдүү билим берүүнүн маанилүүлүгүн дагы бир жолу баса белгиледи. Ошондой эле ЮНИСЕФ Майыптыгы бар адамдардын иштери боюнча кеңеш менен бир нече жолугушууларды өткөрүп, билим берүү жөнүндө жаңы мыйзамга, майыптык жана балдардын укуктары боюнча эл аралык конвенцияларга ылайык, Билим берүү министрлигинин концептуалдык катын жана майыптыгы бар адамдарды эске алуу менен инклюзивдүү билим берүү боюнча иш-аракеттер планын кайра карап чыгуунун маанилүүлүгүн белгиледи.


Башталгыч жана орто билим алууга жеткиликтүүлүктүн деңгээли жогору, бирок анткен менен төмөн бойдон калууда, атап айтканда, мектепке чейинки билим берүү уюмдарына барбаган балдарда, майыптыгы бар балдарда, аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдарында жана маргиналдашкан азчылыктардын балдарында ушундай көрсөткүч байкалууда. ЮНИСЕФ учурдагы жана ыктымалдуу теңсиздиктерди жоюу үчүн билим берүү чөйрөсүндөгү ресурстарды натыйжалуу жана ачык-айкын башкарууга үндөйт. Бул үчүн билим берүүнү башкаруунун маалыматтык системасын колдонуу жакшыртылып, сектордун жыйынтыктарын пландаштыруу жана мониторинг жүргүзүү менен натыйжага багытталган башкаруу киргизилиши керек. 2023-жылдагы маанилүү иш-чаралар КР Билим берүү жана илим министрлигине "Билим берүү системасындагы реформалар үчүн өнөктөштүк жөнүндө Кыргызстандын билдирүүсүн" түзүүгө жардам берүүнү камтыды – бул "Билим берүү максатында глобалдык өнөктөштүктөн" фонддорду мобилизациялоо үчүн зарыл жана мугалимдерди окуучулар арасында окууга жетишпей жаткандарын аныктоо үчүн баалоо аспаптарын колдонууга окутууну камтыйт.

4-класстын окуучуларынын **61%** математика боюнча негизги билимге ээ эмес



4-класстын окуучуларынын жарымына жакыны **49%** китеп окуу жана окуганын түшүнүү жөндөмүн көрсөтө алышпайт





**92%** Сурамжылоого катышкан мугалимдердин 92 пайызы кесиптик өнүгүү курстарынан өткөн

# Балдарды эрте куракта өнүктүрүү

2023-жылы балдарды эрте куракта окутуу жаатында мыйзам чыгаруу, саясат жана техникалык билим берүү маселелери биринчи планга коюлду. Күн тартибин 2023-жылдын март айында "Өкмөттүк акселераторлор" программасын демилгелеген премьер-министр жана Баланын укуктары боюнча Ыйгарым укуктуу өкүл көтөрүп чыгышкан. Балдарды окутууну тездетүү программасы үч жаштан алты жашка чейинки курактагы балдар үчүн, өзгөчө элет жергелериндеги балдарга жеке жана жамааттык бала бакчалардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн санын көбөйтүүгө багытталган. Программанын негизги чарасы – мыйзамдардагы лицензиялык талаптарды жеңилдетүү, негизинен аялдар болгон 800 жеке ишкерге үч күндүк окуудан кийин дароо жамааттык мектепке чейинки уюмдарды ачууга мүмкүнчүлүк берүү.

ЮНИСЕФ демилгечилердин күчтүү умтулуусу менен Билим берүү жана илим министрлиги көтөргөн техникалык көйгөйлөрдүн ортосундагы координациядагы боштуктарды жоюуда негизги ролду ойноду. Лицензиялык талаптарды жеңилдетүү үчүн мыйзамдарды өзгөртүү мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин улуттук деңгээлде камтылышын күчөтүшү мүмкүн, бирок бул балдардын коопсуздугу, сапатты камсыздоо жана отчеттуулук маселелерин камтыган мектепке чейинки билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнүн сапатына коркунуч келтириши ыктымал.

ЮНИСЕФ "Өкмөттүк акселераторлор" программасынын алкагында кызмат көрсөтүүчүлөр балдарды өнүктүрүү, аларды коргоо, басмырлабоо, оюндун негизинде окутуу жана бизнес-башкаруу боюнча негиз салуучу көндүмдөргө жана билимдерге ээ болушун камсыз кылуу максаттуу комплекстүү тренингди иштеп чыгуу үчүн Педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институту менен күч-аракетин бириктирди. Окуу программасынын мазмуну ЮНИСЕФтин, Ага-Хан Фондунун жана Дүйнөлүк банктын тажрыйбасына жана ресурстарына негизделди. Эки жумалык комплекстүү тренингди, анын ичинде тренингден кийин баалоону жана сертификациялоону КР Билим берүү жана илим министрлиги бекитти. 2023-жылдын декабрына карата абал боюнча аялдар жана эркектерден турган 800дөн ашык кызмат көрсөтүүчү баштапкы үч күндүк тренингге катышышты жана 2023-2024-жылдар аралыгында этап-этабы менен комплекстүү тренингге акырындык менен тартылууда. Алган билимди бекемдөө максатында ЮНИСЕФ балдарды эрте куракта окутууну тездетүү программасынын алкагында окуу программасы жылдык окуу планынын ажырагыс бөлүгү болушун камсыз кылуу үчүн Республикалык педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институту менен сүйлөшүүлөрдү жүргүздү. Ошентип, ЮНИСЕФ "Өкмөттүк акселераторлор" программасын ишке ашырууну тездетүүгө жана балдарды эрте окутуунун жаңы координаторлорун жана менеджерлерин даярдоо минималдуу стандарттарга жооп беришин камсыз кылууга техникалык салым кошту.

БжИМдин акыркы маалыматтарына ылайык, мектепке чейинки уюмдарга кабыл алуунун улуттук көрсөткүчү 26,4 пайызды гана түзөт. Болжол менен 3-5 жаш курактагы 768 000 бала балдарды өнүктүрүү жана окутуу кызмат көрсөтүүлөрүнө жетпей, бул алардын мектепке даярдыгына терс таасирин тийгизип жатышы мүмкүн. Өкмөт "Өкмөттүк акселераторлор" программасын балдарды эрте мөөнөттө билим алуусун тездетүү үчүн демилгелеген. Бул программа улуттук деңгээлде мектепке чейинки билим берүүнү көбүрөөк бала жеткирүү максатын көздөйт. Бул үчүн лицензиялоо жол-жоболорун алып салынып, жүздөгөн адамдарга жамааттык деңгээлде мектепке чейинки билим берүү кызматтарын көрсөтүү үчүн үч күндүк окуулар уюштурулган. "Өкмөттүк акселераторлор" программасынын алкагында кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатуу үчүн ЮНИСЕФ жана Республикалык педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институту кошумча комплекстүү тренингди иштеп чыккан. Бул тренинг кызмат көрсөтүүчүлөр балдарды өнүктүрүү, аларды коргоо, оюндун негизинде окутуу, жынысы жана этностук таандыктыгы боюнча басмырлабоо жана бизнес-башкаруу боюнча көндүмдөргө жана билимдерге үйрөтүү максатында уюштурулган.

6 жашка чейинки курактагы балдардын 70 миңден ашуун ата-энеси ЮНИСЕФтин ата-энелер үчүн иштеп чыккан "Bebbo" тиркемесин балдарды тарбиялоо үчүн колдонуп келатышат.

**48** ЮНИСЕФтин колдоосу менен балдарды эрте куракта өнүктүрүү боюнча 48 улуттук ресурстук тренер "Өкмөттүк акселераторлор" программасынын алкагында үйүндө бала бакчаларды ачууну каалагандарга эрте курактагы балдарды өнүктүрүү боюнча билимдерди жайылтууга окутулду

# Өспүрүмдөрдүн жана жаштардын катышуусу


2023-жылы ЮНИСЕФ “Жаштарга жана балдарга достук мамиледеги жергиликтүү башкаруу” демилгесинин экинчи фазасын ишке киргизүүдө Өкмөттү колдоп берди. Бул демилгени КР Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги ишке ашырып жатат. Демилгенин алкагында өлкө боюнча 32 жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы коомдук саясаттын, программалардын жана чечимдердин ажырагыс компоненттери катары балдардын жана жаштардын пикирлерине, муктаждыктарына, кооптонууларына жана укуктарына биринчи кезекте көңүл буруу менен олуттуу жыйынтыктарга жетишип жатышат. Мындан тышкары, демилге балдар жана жаштар маселелерин жергиликтүү пландоонун артыкчылыктуу маселелерине ийгиликтүү интеграциялап, 13 ЖӨБОну “Жаштарга жана балдарга дос” деп тааныды. Кочкор-Ата, Раззаков жана Кара-Суу жаш муундун бакубатчылыгына жана укуктарына артыкчылык берген чөйрөнү түзө алганы үчүн Кыргызстандагы балдарга эң ыңгайлуу үч шаар деп табылды.

ЮНИСЕФ башкарган “U-Report” санариптик платформасы жаштардын пикирлерин жеткирүүдө чечүүчү ролду ойноду. Онлайн сурамжылоолор аркылуу жаштар мектептеги опузалоо, ошондой эле кесиптик багыт алуу сыяктуу сезимтал маселелер боюнча өз көз караштары менен бөлүшүштү жана алынган маалыматтарды жаштарга багытталган өздөрүнүн демилгелерин ишке ашыруу үчүн колдонушту. 2023-жылы платформага Кыргызстандагы 12 700 жаш (56 пайызы – кыздар) катталган.

Көбөйүп бараткан санариптик гендердик ажырымды жоюунун, өспүрүмдөр арасында жетишүүнүн төмөндөп бараткан көйгөйүн чечүүнүн жана өнүгүп келе жаткан маалыматтык технологияларды жана чектеш тармактарды колдонуунун зарылдыгы ЮНИСЕФтин Кыргызстанда табигый илимдерди, технологияларды, инженерияны жана математиканы (STEM) үйрөнүүгө жана STEM4Girls демилгесине артыкчылык берүүнү колдоп жатканын баса белгилейт.

ЮНИСЕФ мектеп предметтерине инновацияларды киргизүү жана бүткүл өлкө боюнча 50 максаттуу мектепте гендердик көйгөйлөрдү эске алуу менен биргелешип долбоорлорду түзүү процессине балдарды караган адамдарды, ата-энелерди жана мугалимдерди тартты. Андан тышкары, 355 ата-эне өспүрүмдөрдүн психикалык саламаттыгын колдоо жана үстөмдүк кылган гендердик стереотиптерди жеңип, STEMди окуган өспүрүм кыздарга колдоо көрсөтүү жөндөмүнө ээ болушту. ЮНИСЕФ ошондой эле “жашыл көндүмдөрдү” алган кыздарга колдоо көрсөтүүгө (анын ичинде эко-ой жүгүртүү, эко-адаттар, таштандыларды сорттоо жана “жашыл кесиптер” жөнүндө билим), ошондой эле STEM чөйрөсүндө жана гендердик стереотиптер жана нормалар жаатында билим алуусуна инвестиция салды. Биргелешкен чыгармачылыктын мындай аспаптарын өздөштүргөн бул кыздар теңтуштарын “теңден теңге” ыкмасын колдонуу менен окутууда башкы ролду ойношту.

Кыргызстан өспүрүмдөргө жана жаштарга тиешелүү көптөгөн кыйынчылыктар менен күрөшүп келүүдө, мында экономикалык кыйынчылыктар, билим алууда тоскоолдуктар, экологиялык коркунучтар, социалдык теңсиздик, чечимдерди кабыл алуу процессинен четтетүү жана социалдык поляризация бар. ЮНИСЕФ жооп кайтаруу чарасы катары өспүрүмдөр менен жаштардын өнүгүүсү жана катышуусу үчүн жагымдуу чөйрөнү колдоого жана түзүүгө артыкчылык берет. 2023-жылы бул чаралар өкмөттүн “Жаштарга жана балдарга достук мамиледеги жергиликтүү башкаруу” демилгесин кеңейтүүгө колдоо көрсөтүүнү, “U-Report” санариптик платформасын колдонгон жаштарды тартууну жана кыздарга илим, технология, инженерия жана математиканы үйрөтүү (STEM) үчүн демилгелерди камтыды.




4880ден ашуун өспүрүм (анын ичинен 62 пайызы – кыздар) тынчтыкты куруу, гендердик теңчилик жана экологиялык чечимдер боюнча көндүмдөрдү өнүктүрүүдөн пайда алышты

**32 шаар**

ЮНИСЕФтин “Жаштарга жана балдарга достук мамиледеги жергиликтүү башкаруу” демилгесине катышты

# Эне менен баланын ден соолугун коргоо

ЮНИСЕФ жаңы төрөлгөн ымыркайларга, балдарга жана өспүрүмдөргө өтө маанилүү кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу максатында баштапкы медициналык-санитардык жардамдын (БМСЖ) сапатын жакшыртууда Саламаттык сактоо министрлигин (ССМ) колдоп берди. КР ССМ баштапкы медициналык-санитардык жардамдын классификаторун жана өспүрүмдөр арасындагы ооруларды, тобокелдүү жүрүм-турумду жана психикалык саламаттыкка байланыштуу көйгөйлөрдү эрте мөөнөттө аныктоо жана алдын алуу үчүн илимий маалыматтарга негизделген кызмат көрсөтүүлөрдү киргизүү үчүн мамлекет кепилденген жеңилдиктер жыйнагын (МКЖЖ) башка кызмат көрсөтүүлөр менен катар кайра карап чыкты. Бул 2030-жылга чейин Саламаттыкты сактоо стратегиясынын орто мөөнөттүү серебине киргизилген максаттар менен тең салмакталды.

Телемедицинанын жардамы менен Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарынын эң алыскы жана турмуш шарты начар аймактарындагы оорулуу балдар же майып болуу коркунучу бар балдар ушул тапта сапаттуу медициналык консультацияларды алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. Бул ыкма транспорттук чыгымдар, аралык жана убакыт сыяктуу тоскоолдуктарды жок кылат. Телемедицинаны 2030-жылга чейин Президент жана Саламаттыкты сактоо стратегиясы артыкчылыктуу маселе деп эсептешет. КР ССМ көптөгөн телемедициналык платформаларды киргизүүгө жол бербөө максатында бул ишти координациялап жатат.


2023-жылы КР Саламаттыкты сактоо министрлигинин ишинин маанилүү багыттары төмөнкүдөй болду: баштапкы медициналык-санитардык жардамдын алкагында кызмат көрсөтүүлөрдү оптималдаштыруу үчүн бир катар принциптерди иштеп чыгуу; балдардын ден соолугу күн тартибинде жана тиешелүү программалардын алкагында болушун камсыз кылуу жана ЮНИСЕФтин артыкчылыктуу маселесине айландыруу. ЮНИСЕФ балдардын ден соолугун коргоо маселелери боюнча эксперттердин 2030-жылга чейинки Саламатык сактоо стратегиясынын орто мөөнөттүү сереби сыяктуу бир нече жогорку деңгээлдеги документтерди талкуулоого, пландоого жана концептуалдаштырууга техникалык жардам көрсөттү жана катышуусун камсыз кылды. Саламаттык сактоо секторун реформалоонун кийинки этабынын негизги жетишкендиктеринин бири дрыгерлердин балдарды үйлөрүнө барып кароонун иш жүзүндөгү маалыматтарына негизделген натыйжалуу практикасын институционалдаштыруу болду. Сузак районунда баштапкы медициналык-санитардык жардамдын 400 медициналык кызматкери майыптыгы бар балдар боюнча жаңы пилоттук секторлор аралык долбоордун алкагында балдардын өнүгүүсүндөгү көйгөйлөрдү эрте аныктоо боюнча окуудан өтүштү.

ДСУ менен кызматташтыкта ЮНИСЕФ КР ССМге глобалдык “Жаңы төрөлгөн ымыркайларга, балдарга жана өспүрүмдөргө БМСЖ кызматтарын көрсөтүү боюнча колдонмону” (2022-жылы чыгарылган) Кыргызстанда пайдалануу үчүн ыңгайлаштырууга техникалык колдоо көрсөттү. Бул дени сак жана оорулуу балдар үчүн илимге негизделген алдын алуу жана дарылоо кызмат көрсөтүүлөрүн киргизүү үчүн жасалды.

Балдар өлүмүнүн көрсөткүчтөрүн кыскартып, аялдар менен балдардын ден соолугун коргоону илгерилетүү үчүн күнүмдүк жана негизги камкордук үчүн баштапкы медициналык-санитардык жардамдын (БМСЖ) кызмат көрсөтүүлөрүн өнүктүрүүгө колдоо көрсөтүү зарыл. БМСЖнын кызмат көрсөтүүлөрүнө жеткиликтүүлүктү жана алардын сапатын жакшыртуу Кыргызстандагы ЮНИСЕФтин артыкчылыктуу маселеси болуп эсептелет. Бул эне менен баланын ден соолугун жана бакубатчылыгын коргоонун эң мыкты жолу. 2023-жылы өспүрүмдөр арасында ооруларды, тобокелдүү жүрүм-турумду жана психикалык саламаттык көйгөйлөрүн эрте мөөнөттө аныктоо жана алдын алуу үчүн илимий маалыматтарга негизделген кызмат көрсөтүүлөрдү киргизүү үчүн жеңилдиктердин мамлекет кепилденген жыйнагын (ЖМКЖ) кайра карап чыгууда КР Саламаттык сактоо министрлигине колдоо көрсөтүлдү; саламаттык сактоо тармагын реформалоонун кийинки этабында дарыгерлердин үйлөрдү кыдырып, балдарды текшерүүсүнүн иш жүзүндөгү маалыматтарына негизделген натыйжалуу практикасын институционалдаштыруу жүргүзүлдү.

Сузак районундагы баштапкы медициналык-санитардык жардамдын

**400 медициналык кызматкери**



(бул аймактардагы 95 пайыздан ашыгы) балдардын өнүгүүсүндөгү көйгөйлөрдү эрте мөөнөтүндө аныктоо боюнча окуудан өтүштү.

# Тамактануу


ЮНИСЕФтин колдоосу менен иштелип чыккан 2023-2027-жылдарга азык-түлүк коопсуздугу жана тамактануу боюнча иш-аракеттер планы 2021-жылдагы тамактануу боюнча улуттук изилдөөнүн жыйынтыктарын жана азык болчу микроэлементтер боюнча концептуалдык катты бириктирет. 2023-2027-жылдарга азык-түлүк коопсуздугу жана тамактануу боюнча иш-аракеттер планын ишке ашыруу тамак-аш азыктарын байытууну кошкондо, тиешелүү чараларды колдонуу менен өлкөдөгү микронутриенттик жетишсиздикти кыскартат. Иш-аракеттер планын бардык тиешелүү министрликтер бекиткен жана учурда ал премьер-министрдин кароосунда турат. Адвокация ишин улантуу жана тамактануу боюнча билим базасын чыңдоо максатында 25 депутат үчүн азык-түлүк коопсуздугу жана тамактануу маселелери боюнча тренинг өткөрүлдү. Тренингди ЮНИСЕФ БУУнун Дүйнөлүк азык-түлүк программасы, БУУнун Азык-түлүк жана айыл чарба уюму (ФАО) жана Айыл чарбасын өнүктүрүүнүн эл аралык фонду менен биргеликте уюштурулду.

ЮНИСЕФ темир жана фолий кислотасы кошулмалары боюнча тематикалык серепти иштеп чыкты, анда темир жана фолий кислотасынын жетишсиздиги темасы баса белгиленди, эгер бул элементтер жетишсиз болсо, ал балдардын, өспүрүмдөрдүн жана кош бойлуу аялдардын ден соолугуна терс таасирин тийгизет.


2023-жылы өткөрүлгөн жүрүм-турум факторлорун изилдөө эт жана андан жасалган тамактарды керектөө салты балдарга да өтүп жатканын аныктады. Күн сайын (үй-бүлөлүк контекстте) түрлөнтүп шам-шумдарды жана негизги тамактарды даярдоого жана керектөөгө бут тоскон жагдайларга төмөнкүлөр кирет: ымыркайлардын жана жаш балдардын тамактануусу жөнүндө маалыматтын жетишсиздиги, пайдалуу тамактарды сатып алууда акча кыйынчылыктары, үй-бүлөнүн динамикасынын таасири жана гендердик нормалар. Изилдөө 6-23 айлык балдар жеген тамактын көп түрдүүлүгүн жакшыртуу боюнча чечимдерди кабыл алууга негиз болот.

Ымыркай жана кенже курактагы балдардын, өспүрүмдөрдүн, кош бойлуу жана бала эмизген аялдардын муктаждыктарын канааттандыруу үчүн тамак-аш азыктарын керектөөнүн сунушталган өлчөмдөрү боюнча колдонмолорду иштеп чыгууга ЮНИСЕФ жана ФАО Өкмөткө биргелешкен колдоо көрсөтүп жатышат. Кыргызстан Борбордук Азияда ушундай колдонмолорду иштеп чыккан биринчи өлкө болот. Жумушчу топ түзүлүп калды жана баштапкы план даяр.


Тоё тамактанбоо Кыргызстанда өсүп келаткан балдардын ден соолугуна терс таасирин тийгизүүдө. 2023-жылы ЮНИСЕФ өнөктөштөрдү жана ресурстарды тартып, 2021-жылдагы улуттук тамактануу изилдөөсүнүн жыйынтыктарынын негизинде далилдерге таянган тамактануу саясатын иштеп чыгууда Өкмөткө колдоо көрсөткөн. 2023-2027-жылдарга азык-түлүк коопсуздугу жана тамактануу боюнча иш-аракеттер планы тиешелүү чараларды, анын ичинде тамак-аш азыктарын байытууну пайдалануу менен өлкөдөгү микронутриенттик жетишсиздикти азайтат. Башка жыйынтыктарга ымыркай жана жаш балдардын, өспүрүмдөрдүн, кош бойлуу жана бала эмизген аялдардын муктаждыктарын канааттандыруу үчүн тамак-ашты керектөөнүн сунушталган өлчөмдөрү боюнча көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу кирет; ошондой эле темир жана фолий кислотасы кошулмалары боюнча тематикалык сереп да бар.




Таласта, Ысык-Көлдө жана Нарында 6-59 айлык балдардын 30 пайыздан көбү аз кандуулуктан жабыркайт





өлкөдө кош бойлуу аялдардын арасында аз кандуулуктун таралышы болжол менен 49 пайызды түзөт




6-59 айлык балдарда темир таңсыктыгы көрүнүшү кеңири жайылганы байкалууда




5-9 жаштагы балдардын 30% темирдин таңкыстыгынан жабыркашууда




10-18 жаштагы кыздардын 47% темирдин таңкыстыгынан жабыркашууда


# Эмдөө

Кызамык оорусуна каршы чара катары ЮНИСЕФ КР Саламаттык сактоо министрлиги (ССМ) жана ДСУ менен биргеликте "Кызамык жана кызылча менен күрөшүү боюнча өнөктөштүктөн" кызамыкка жана кызылчага каршы вакцинанын 755 500 дозасын сатып алууда өлкөгө колдоо көрсөтүштү. Ушундан кийин Республикалык иммунопрофилактика борбору төрт аймакта эмдөө боюнча кошумча өнөктүктү баштады. Өнөктүк жалпыга маалымдоо каражаттарында жана социалдык тармактарда коомдук пикирди талдоонун жана коомчулуктун катышуусунун негизинде колдоого алынды. Саламаттык сактоо чөйрөсүндө эмдөөнү жакшыраак интеграциялоо жана саламаттык сактоо кызмат көрсөтүүлөрүн баарына жеткирүү максаттарына көмөктөшүү үчүн ЮНИСЕФтин жана ДСУнун техникалык колдоосу менен КР ССМ 2025-2030-жылдарга Эмдөөнүн улуттук стратегиясын иштеп чыгууну демилгеледи. Стратегия балдарды эмдөөгө карата ата-энелердин жана медициналык кызматкерлердин ой-пикирлерине жана жүрүм-турумуна таасир этүү аркылуу эмдөөгө суроо-талапты жогорулатуу боюнча иш-чараларды камтыйт.

ЮНИСЕФ ошондой эле эмдөө кызмат көрсөтүүлөрүнө кайрылуудагы тоскоолдуктарды талдоону, ошондой эле ата-энелердин үч тобу үчүн жүрүм-турум факторлоруна негизделген ыкмаларды иштеп чыгууну демилгеледи. Ал топтор: жаш энелер, жалгыз бой энелер жана аталар, эмдөө маселесинде бир чечимге келе албай жаткандар. Ыкмаларды ишке ашырууну баалоо төрөт үйлөрүндө эми гана көз жарган энелерге багытталган бир ыкма бул топтогу билимди жакшыртууда натыйжалуу болгонун жана практиканы кеңейтүү үчүн маалыматтарды бергенин аныктады.

"Эмдөөнүн улуттук стратегиясы (ЭУС) Cost. App (NIS.Cost.App)" онлайн-документи – бул ЮНИСЕФтин Google sheet тиркемеси, ал эмдөө үчүн ресурстарга болгон муктаждыкты баалоого мүмкүндүк берет. Бул тиркеме Кыргызстанда биринчи жолу ишке киргизилди. NIS.Cost.App тиркемеси иш-чараларды пландоо үчүн колдонулат жана эмдөө программасынын жылдык операциялык пландарын иштеп чыгуу үчүн колдонулат.

Кыргызстан акыркы бир нече он жылдыкта эмдөө багытында көзгө илинээрлик жылыштарга жете алды: чөлкөмдөгү башка өлкөлөр сыяктуу эле, 2002-жылдан тартып өлкө "Полиомиелиттен эркин өлкө" сертификатын жана 2019-жылдан бери "Кызамыктан эркин өлкө" сертификатын алып жүрөт. Анткен менен 2023-жылы координацияланган аракеттерге карабастан Кыргызстанда балдар арасында кызамык оорусу кеңири жайылды. 2023-жылы эмдөө жаатындагы иш-аракеттин башкы артыкчылыктары төмөнкүлөр болду: кызамык оорусунун күч алышына жооп кайтаруу; Эмдөөнүн улуттук стратегиясын иштеп чыгууда улуттук кызыкдар тараптарды колдоо; вакциналарды ташуу жана сактоо үчүн муздак чынжыр менен камсыз кылуу; жана эмдөөгө суроо-талапты жаратуу.




Кыргызстандагы балдарды эмдөөгө байланышкан жүрүм-турум факторлорун изилдөөгө катышкан ата-энелердин жана балдарды багуучулардын 85 пайыздан ашыгы балдарын Профилактикалык эмдөөлөрдүн календарынын графигине ылайык эмдегенин айтышкан.

# Климаттын өзгөрүшү жана айлана-чөйрөнүн абалы


Абанын булганышы эрте өлүмгө алып келген жана ден соолукту начарлаткан эң олуттуу экологиялык фактор болуп саналат, ал Кыргызстандагы балдарга жана чоңдорго таасирин тийгизип, ошондой эле экономикалык терс кесепеттерге алып келүүдө. Аба булганганда балдардын өпкөсү ага туруштук бере албаган, өтө аярлуу орган. Бул көйгөйдү чечүү үчүн ЮНИСЕФ абанын булганышынын ден соолукка тийгизген таасири боюнча саясий жана социалдык маалымдуулукту колдоду. Мындай адвокациянын жыйынтыгы – жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министри балдар, жаштар жана климаттык иш-аракеттер жөнүндө декларацияга кол коюп, климаттык иш-чараларга балдар жана жаштар үчүн артыкчылыктуу багыттарды киргизүүнү камсыз кылуу боюнча милдеттенме алды.

Жаштардын пикирин күчөтүү жана балдардын катышуусун камсыз кылуу үчүн ЮНИСЕФ айлана-чөйрөдөгү көйгөйлөрдү жок кылууга багытталган "Экохакатон" өткөрдү. Натыйжада, өспүрүм кыздар экологиялык таза 12 чечимди сунушташты, алардын төртөө демилгесин ишке ашыруу үчүн каржылык колдоого ээ болушту. Бул кайра иштетүү/апсайклинг, экодыйканчылык жана параболикалык жылуулук электр станциясын түзүү боюнча демилгелер. Бул жамааттык тажрыйба катышуучулардын экологиялык чакырыктарды түшүнүүсүн тереңдетти, ишкердик духун өнүктүрдү жана кыздардын долбоорду башкаруу көндүмдөрүн өркүндөттү.

ЮНИСЕФ табигый кырсыктардын тобокелдигин азайтуу жана окуучуларды климаттын өзгөрүшүнө байланыштуу табигый кырсыктарга даярдоо маселелери боюнча мугалимдердин дараметин жогорулатууда олуттуу жылышка жете алды. ЮНИСЕФтин жана Кызыл Крест жана Жарым Ай коомунун колдоосу менен Кыргызстанда 900 000ден ашуун бала өзгөчө кырдаалдарга даярдык жана чара көрүү боюнча билимдерин жакшыртышты. Ал тургай, 1800 мектеп даярдык пландарын иштеп чыгып, жаңыртышты жана өзгөчө кырдаалдарда иш-аракеттер боюнча машыгууларды өткөрүп, 600 мектеп өрткө каршы шаймандар менен жабдылды.

Кыргызстан чөлкөмдөгү климаттын өзгөрүшүнө өзгөчө аярлуу абалда турган өлкөлөрдүн бири болуп саналат жана абанын булганышы балдардын ден соолугу үчүн коркунучтун эң олуттуу экологиялык фактору экенин билдирет. ЮНИСЕФтин бул багыттагы 2023-жылдагы иши абанын булганышынын ден соолукка тийгизген таасири жөнүндө маалымдуулукту жогорулатууга жана өспүрүмдөрдү "Экохакатонго" катышуу аркылуу айлана-чөйрө үчүн чара көрүүгө үндөөгө багытталган.

## Климаттын өзгөрүшү



Кыргызстандын климаты тездик менен жылый баштады. Кылымдын аягына чейин Кыргызстанда орточо температура азыркыдан 4-5° жогору болушу ыктымал.

Табиятынан, балдар климаттын өзгөрүшүнүн таасирине көбүрөөк дуушар болушат.

Климаттын өзгөрүшүнүн экономикалык таасири балдар үчүн ансыз деле натыйжасы кызмат көрсөтүүлөрдү жокко чыгара берет.

## Абанын булганышы

Кыш мезгилинде Бишкектеги абанын булганышы коопту деңгээлге жетип, ден соолукка жана экономикага терс таасирин тийгизип жатат.

Абанын булганышынын себептери эми такталды: негизги себеби – турак жайларды көмүр менен жылытуу, андан кийин орунда дизелдик кыймылдаткычы бар транспорттук каражаттар турат.



# КЕЛЕЧЕККЕ ПЛАНДАР



© UNICEF/ Kyrgyzstan/ Bektur Zhanibekov/ 2019

**Алдыга көз чаптырып, бул бөлүмдө келерки жылга пландалган артыкчылыктуу иш-аракеттердин кыскача баяндамасын сунуштайбыз.**

## СОЦИАЛДЫК КОРГОО

- көп кырдуу жакырчылыктын деңгээлин кыскартуу жана балдардын укуктарын басмырлоо көйгөйлөрүн чечтетүү үчүн социалдык коргоо системасынын сапатын жогорулатуу максатында өнөктөштөр менен иштөө;
- сектордун ичинде жана тышында чыгымдарды жана фискалдык мейкиндикти негиздөөнү, иштеп чыгууну, эсептөөнү күчөтүү үчүн ЮНИСЕФтин техникалык колдоосуна таянуу; жакырчылык менен күрөшүүгө багытталган жөлөкпулду көбөйтүү (көбүрөөк адамга жеткирүү үчүн) же 3 жашка чыга элек балдар үчүн жөлөкпулдун жаңы категориясын киргизүү (баланын кызыкчылыктарын эске алган социалдык коргоо жаатындагы күн тартибине өтүү үчүн иш жүзүндөгү маалыматтарга негизделген жана саясаттын наркы боюнча эсептелген варианттарын кабыл алууда Өкмөткө жана Президенттин Администрациясына жардам көрсөтүү аркылуу);
- 2024-жылы жаңы сектордук саясатты иштеп чыгууда Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигин колдоо үчүн улуттук социалдык коргоо системасынын натыйжалуулугун баалоо.

## БАЛДАРДЫН УКУКТАРЫНА МОНИТОРИНГ

- Бириккен Улуттар Уюмунун Баланын укуктары боюнча комитети Кыргызстанга берген сунуштамаларды ишке ашыруу үчүн Өкмөт менен ишти улантуу;
- балдар жөнүндө маалыматтар камтылган жаңы порталды киргизүү (Улуттук статистика комитетинин (УСК) веб-сайтында).

## БАЛДАРДЫ КОРГОО

- жалпы өлкө боюнча аярлуу балдарды колдой турган Кыргызстандагы балдарды коргоо системасы үчүн узак мөөнөттүү планды иштеп чыгуунун үстүндө Өкмөт менен иштешүү. ЮНИСЕФ муниципалдык деңгээлде балдарды коргоо жана үй-бүлөлүк зомбулук маселелери боюнча атайын окуудан өткөн социалдык кызматкерлердин санын көбөйтүүгө умтула бермекчи;
- Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин социалдык камсыздоо системасынын эмгек кадрларына (анын ичинде социалдык кызматкерлерге, социалдык педагогдорго, улгайган жана майып адамдар үчүн жеке жардамчыларга жана социалдык маселелер боюнча муниципалдык адистерге) инвестиция салууга колдоо көрсөтүү, бул катаал мамилеге жана кайдыгерликке кабылган балдарды, ошондой эле кризистик кырдаалдагы үй-бүлөлөрдү колдоо үчүн социалдык иштин негизги көндүмдөрүн камсыз кылат;
- өспүрүм балдары менен кантип мамиле түзүүнү билбеген ата-энелерди колдоо үчүн "Өспүрүмдөрдү тарбиялоо" жана башка темалар боюнча жаңы модулдарды берүү;
- Баланын укуктары боюнча комитеттин сунуштамаларына ылайык, балдарды багуу системасын реформалоо. Балдар үй-бүлөсү менен же үй-бүлөлүк чөйрөдө жашашы керек жана бул муниципалдык деңгээлде балдарды коргоо боюнча адистешкен социалдык кызматкерлердин бар болушун жана балдарды коргоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү талап кылат. ЮНИСЕФ муну Кыргыз Республикасында ишке ашыруу үчүн адвокацияны жана Өкмөт менен иштөөнү уланта бермекчи;
- Кыргызстанга кайтып келаткан бардык жарандарды коопсуз репатриациялоону жана жамаатка интеграциялоону камсыз кылуу жана бардык өз ара аракеттешүүдө балдардын укуктары урматталышын камсыздоо. Бул секторлордун ортосунда жана ар кандай мамлекеттик жана өнүгүү боюнча өнөктөштөр менен кызматташууну улантуунун негизги өңүтү, алардын ар бири балдарды коргоону камсыз кылуу үчүн өзүнүн өзгөчө тажрыйбасын алып келет.

## ЗЫЯНДУУ СОЦИАЛДЫК ТАЖРЫЙБАЛАРДЫ ТОКТОТУУ

- өзгөчө кырдаалдарда ыкчам жана натыйжалуу иштеп, гендердик зомбулукка жооп кайтара алышы үчүн көчмө топторго өткөрүлгөн тренингди кайра карап чыгуу;
- өспүрүм кыздар туш болгон негизги кыйынчылыктарды талдоо жана талкуулоо, чечимдерди аныктоо жана андан ары аларды практикада ишке ашыруу үчүн жамааттарды, айрыкча кыздарды жана балдарды жана алардын ата-энелерин тартуу аркылуу эрте куракта никеге туруу көйгөйүн жоюу үчүн күч-аракеттерди күчөтүү. Иштин мындай ыкмасы жабыр тарткан балдардын жана жамааттардын арасында көйгөйлөрдү чечүү ыкмаларын киргизүүгө багытталып, өзгүн түзчү гендердик жана социалдык нормаларды коопсуз изилдөө жана талкуулоо үчүн балдардын, үй-бүлөлөрдүн жана жамааттардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүнүн бир бөлүгү болуп саналат.

## САПАТТУУ БИЛИМ БЕРҮҮ

- өнөктөштүк жөнүндө билдирүүгө ылайык билим берүү системасын трансформациялоо үчүн КР БжИМ жана башка кызыкдар тараптарды мындан ары да колдой берүү;
- гендердик теңчилик, майыптыгы бар адамдардын укуктары жана этнолингвистикалык азчылыктарды басмырлабоо маселелерин мыйзамдарга, саясий диалогго жана билим берүүнү пландаштырууга киргизүү үчүн тармактык министрликтер, иштеп жаткан комитеттер жана жумушчу топтор жана донорлор менен өнөктөштүк;
- БжИМдин мектепке чейинки жана баштапкы билим берүү, мугалимдердин кесиптик өнүгүүсү, өспүрүмдөр үчүн көндүмдөрдү өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрү жана климат тууралуу билим берүүнү жана майыптыгы бар адамдардын муктаждыктарын эске алган билим берүү системасынын потенциалын бекемдөө.

## БАЛДАРДЫН ЭРТЕ КУРАКТА ӨНҮГҮҮСҮ

- 3-5 жаштагы балдар үчүн сапатты камсыздоо жана инновациялык моделдер аркылуу балдарды эрте куракта окутуу жаатында альтернативалык жана жамааттык кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүгүн кеңейтүүдө Өкмөткө колдоо көрсөтүү;
- түзүмдүк тоскоолдуктарды чечтетүү жана мектепке чейинки сапаттуу билим алууга жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу максатында балдарга гендердик нормаларынын таасири жөнүндө маселени чечүү үчүн кенже курактагы балдарды окутууга тиешелүү мыйзамдарды жана саясаттарды кайра кароого техникалык жардам;
- эрте куракта окутууда санариптик технологияларды сүрөө жана окутуунун инклюзивдүү ресурстарына жеткиликтүүлүктү жана аларды колдонууну көбөйтүү үчүн тарбиялоого колдоо көрсөтүү, ошондой эле окуу планынын онлайн-документтерине жана балдарды тарбиялоо үчүн тиркемелерге жеткиликтүүлүк.

## ӨСПҮРҮМДӨРДҮН ЖАНА ЖАШТАРДЫН КАТЫШУУСУ

- өспүрүмдөрдүн социалдык эмоционалдык көндүмдөргө, которулуучу жөндөмдөргө, жумушка орношуу көндүмдөрүнө, "жашыл" көндүмдөргө, гендердик теңчиликке жана жаштардын климаттын өзгөрүшү жаатындагы иш-аракеттерине көңүл буруу менен алардын квалификациясын жогорулатуу программаларына катышуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу үчүн адвокация;
- социалдык биримдик максатында туруктуу таасирди камсыз кылуу үчүн жергиликтүү деңгээлде өспүрүмдөрдүн катышуусун жана жоопкерчилигин күчөтүү;
- жеке сектор, соода палаталары жана бизнес ассоциациялары, жаштар тармактары жана министрликтер менен көндүмдөрдүн дал келбестигин жоюу жана тажрыйбаларды, ыктыярчылыкты жана ишкердикти колдоо практикасын кеңейтүү механизмдерин иштеп чыгуу үчүн өнөктөштүктү кеңейтүү;
- гендердик теңчиликтин жана жаштардын коомдун турмушуна катышуусунун пайдасына социалдык жүрүм-турумдун өзгөрүшү менен бирге өспүрүм балдар жана кыздар үчүн карьералык өсүү, өмүр бою билим алуу жана квалификацияны жогорулатуу көндүмдөрүнө окутуу боюнча улуттук өнөктүккө ата-энелерди жана жамааттарды тартууга көмөктөшүү.

## ЭНЕ МЕНЕН БАЛАНЫН ДЕН СООЛУГУН КОРГОО

- ымыркай курактагы балдарга ВИЧтин, гепатиттин жана сифилистин жугуусуна байланышкан кырдаалды баалоо;
- ДСУ-ЮНИСЕФтин сунуштамаларынын негизинде жаңы төрөлгөн балдар жана өспүрүмдөр үчүн БМСЖнын кызмат көрсөтүүлөрүнүн пакетин киргизүү;
- майыптуулук тобокелдигине кабылган балдарды эрте мөөнөттө аныктоону камсыз кылуучу неонаталдык скрининг боюнча демилгелерди системага салууда КР Саламаттык сактоо министрлигине техникалык колдоо;
- майыптыгы бар балдардын ден соолугуна эрте мөөнөттө кийлигишүү кызмат көрсөтүүлөрүнө жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу үчүн жамааттык деңгээлдеги дисциплиналар аралык топторду түзүүгө көмөктөшүү;
- оорулуу балдардын сапаттуу медициналык консультацияларга жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу үчүн баштапкы медициналык-санитардык жардам чөйрөсүндө телемедицина кызмат көрсөтүүлөрүн кеңейтүү аркылуу инновацияларды жана санариптештирүүнү колдонуу.

## ТАМАКТАНУУ

- Өкмөт үчүн микроэлементтер менен камсыз кылуу боюнча стратегиянын наркын иштеп чыгуу жана эсептөө, ошондой эле тамактануу чөйрөсүнө инвестицияларга адвокация;
- баланы эмизүү жана наристе жана кенже курактагы балдарды тамактандыруу жаатындагы саясатты жаңылоо, ошондой эле түштүк аймактарда медицина кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу боюнча иш-чараларды уланта берүү;
- институционалдык потенциалды чыңдоого басым жасоо менен унду байытуу стратегиясын жаңылоо.

## ЭМДӨӨ

- далилдерге негизделген коммуникацияны колдоо жана коомчулукту кызамык оорусуна каршы күрөшүүгө тартуу;
- эмдөөгө суроо-талапты көбөйтүү боюнча чараларды координациялоо;
- жаңы ыкмаларды жана усулдарды колдонууда сергек жашоонун тарапкерлеринин, ошондой эле адамдар ортосундагы баарлашуу көндүмдөрүн өркүндөтүүдө медициналык персоналдын потенциалын жогорулатуу;
- вакцина алуу үчүн кайрылгандардын санын көбөйтүүгө көмөктөшкөн жүрүм-турум факторлоруна, бул багыттагы тоскоолдуктарга жасалган талдоого негизделген маалыматтарды чогултууну колдоо жана ар бир баланы эмдөө үчүн жекече чечимдерди иштеп чыгуу: бул жалгыз бой энелерди, аталарды, баласын эмдөөгө алып барууга батынбай жаткан ата-энелерди, миграциянын натыйжасында жапа чеккен балдарды багуучулар үчүн жүрүм-турум факторунун талдоосуна негизделген ыкмаларды иштеп чыгууну камтыйт.

## КЛИМАТТЫН ӨЗГӨРҮҮСҮ

- мектептердеги орто жана жогорку класстардын деңгээлинде климаттын өзгөрүшү жана айлана-чөйрөнү коргоо боюнча билим берүүнү түзүү жана инвестициялоо;
- балдарды жана жаштарды өзүн-өзү коргоо жана коопсуз жана туруктуу келечекке көмөктөшүү үчүн зарыл болгон билим жана көндүмдөр менен камсыз кылуу, мындай чараларды маргиналдашкан балдарга жана жаштарга жеткирүү.

## МАЙЫПТЫГЫ БАР БАЛДАРДЫ ЖАНА АЛАРДЫН ҮЙ-БҮЛӨЛӨРҮН КОМПЛЕКСТҮҮ КОЛДОО

- Сузак районунда трансдисциплинардык командалардын иши үчүн жагымдуу чөйрөнү (саясатты, ченемдик актыларды) түзүү;
- Сузактын тандалып алынган муниципалитеттериндеги үй-бүлөлөрдү колдоого багытталган негизги кызыкдар тараптардын потенциалын түзүү жана бекемдөө;
- коомдук жана улуттук деңгээлдерде майыптыгы бар балдарга тиешелүү көйгөйлөр жөнүндө маалымдуулукту жогорулатуу жана Сузак районунун чегинен тышкары жерлерде майыптыгы бар балдарды комплекстүү колдоону ишке ашырууга адвокация.

# ФИНАНСЫЛЫК ИШКЕ АШЫРУУ/ РЕСУРСТАР



© UNICEF/ Kyrgyzstan/ Bektur Zhanibekov/ 2019

## 2023, КАРЖЫЛООНУН ТҮРЛӨРҮ БОЮНЧА БӨЛҮШТҮРҮҮДӨ ПАЙДАЛАНУУ




## 2023, ПРОГРАММАЛАР БОЮНЧА КОЛДОНУУ



# ЫРААЗЫЧЫЛЫК



© UNICEF/ Kyrgyzstan/ Bektur Zhanibekov/ 2019

# ЮНИСЕФ төмөнкү өнөктөштөрүнө ыраазычылыгын билдирет

## ЭЛ АРАЛЫК ӨНӨКТӨШТӨР

Ага-Хан Фонду
Гуманитардык жардам көрсөтүү бюросу
Канада
Европа Биримдиги
ФАО
ГАВИ – “Вакциналар боюнча Альянс”
“Билим берүү максатында глобалдык өнөктөштүк”
Эл аралык Кызыл Крест Комитети
Эл аралык өнүгүүнү изилдөө борбору
Жапония
Тынчтык Корпусу
АКШнын Мамлекеттик департаментинин терроризмге каршы күрөшүү бюросу
БУУнун Көп өнөктөштүк тресттык фонду
ЮНЭЙДС
БУУӨП
ЮНЕСКО
Улуу Британиянын жана Түндүк Ирландиянын Бириккен Королдугу
Америка Кошмо Штаттары
БУУнун гуманитардык маселелерди координациялоо боюнча башкармалыгы
БУУнун Баңги заттар жана кылмыштуулук боюнча башкармалыгы
БУУнун Дүйнөлүк азык-түлүк программасы
ДСУ

## ӨКМӨТ

Тышкы иштер министрлиги
Финансы министрлиги
Айыл чарба министрлиги
Экономика жана коммерция министрлиги
Өзгөчө кырдаалдар министрлиги
Билим берүү жана илим министрлиги
Санариптик өнүктүрүү министрлиги
Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги
Саламаттыкты сактоо министрлиги
Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги
Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги
Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети
Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссия
Эсеп палатасы
Башкы прокуратура
Акыйкатчы институту
Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиги
Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду
Республикалык Ден соолукту чыңдоо борбору
Эне жана баланы коргоо улуттук борбору
Балдардын укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүл
КР Жогорку Кеңешине караштуу Аялдардын, балдардын укуктары жана гендердик теңчилик боюнча кеңеш
Республикалык иммунопрофилактика борбору
Республикалык педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институту
Mugalim онлайн-порталы
Кыргыз Республикасынын Улуттук телерадиоберүү корпорациясы

## ЖАРАНДЫК КООМ

“Youth of Osh” Коомдук фонду
Балдарды коргоо борбору
“Роза Отунбаеванын демилгеси” ЭКФ
Enactors-KG
Борбордук Азиядагы Америка университетинин Инновациялык колледжи
Борбордук Азия Университети
SOS Балдар кыштагы
“Инсан” мууну
Legal Centre
DIA
“Баланын укуктарын коргоочулар Лигасы” Коомдк фонду
Internews

## БИЗНЕС

CaspiGroup
“Билайн –Кыргызстан”
“Шоро”
“MBANK”
Coca-Cola
“Халык Банк”
Alaiku Or
Akkula Motors
Rayan Building
Tazaar
“Демир Банк”
“Манас” эл аралык аэропорту

**Ар бир бала үчүн**
Ал ким болсо да.
Кайда гана жашабасын.
Ар бир бала балалыкка татыктуу.
Келечек.
Адилеттүү мүмкүнчүлүк.
Ошондуктан ЮНИСЕФ ошол жерде.
Ар бир бала үчүн.
Күн сайын иштейт.
190дон ашык өлкөдө жана аймактарда.
Кыйын болгон нерсенин баарына жетишүү.
Жардамга эң муктаж болгондорго.
Эң чоң тобокелчиликке кабылышат.
Ошондуктан биз аягына чейин турабыз.

юнисеф
ар бир бала үчүн

БУУнун Балдар Фонду (ЮНИСЕФ)
Чүй пр., 160, 720040
Бишкек, Кыргыз Республикасы
Телефон: 996 312 611 211 +кошумча

bishkek@unicef.org
www.unicef.org/kyrgyzstan
www.facebook.com/UNICEFKyrgyzstan
www.twitter.com/unicefkg
www.instagram.com/unicefkg

©The United Nations Children's Fund (UNICEF), март, 2024-ж.